**Кыргыз адабияты**
**Классы:** 6-к класс
**Мугалими:** Сыдыкова Гүлүмкан Бейшалиевна
**Сабактын темасы:** “Бекбекей”, “Шырылдаң” ырларынын жаралыш себептери

**Негизги компотенттүүлүктөр:**
НК1. Маалыматтык
НК2. Сациалдык-коммуникативдик
НК3. Өзүн-өзү уюштуруу

**Предметтик компотенттүүлүктөр:**
1.ПК1. Тилдик
2.ПК2. Кептик ( коммуникативдик)
3. ПК3. Маданият таануучулук

| **Сабактардын максаттары** | **Күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрү** |
|---|---|
| Окуучулар “Бекбекей”, “Шырылдаң” ырлары тууралуу маалымат алышат.<br>Алардын жаралыш максаттары тууралуу билишет | Окуучулар “Бекбекей”, “Шырылдаң” ырлары тууралуу маалымат алышат.<br>Алардын жаралыш максаттары тууралуу билишсе; |
| Эмгек гана адамды адам кылат.<br>“Бекбекей” “Шырылдаң” ырларын көркөм окуу менен дагы бир жолу далилдешет | Эмгек гана адамды адам кылат.<br>“Бекбекей” “Шырылдаң” ырларын көркөм окуу менен дагы бир жолу далилдешсе; |
| Окуучулар эмгек ырларын окуу менен эмгекчилдикке, сабырдуулукка, чыдамкайлыкка тарбияланышат | Окуучулар эмгек ырларын окуу менен эмгекчилдикке, сабырдуулукка, чыдамкайлыкка тарбияланышса. |

**Сабактын тиби:** Аралаш

**Сабактын формасы:** Стандарттуу

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, методикалык колдонмо

**Сабактын жүрүшү**: 1, Уюштуруу. 2, Өтүлгөн теманы кайталоо

| Сабактын этаптары | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | НК, ПК |
|---|---|---|---|
| 1.Уюштуруу Шыктандыруу | Саламатсыңарбы, урматуу окуучулар! Кутман күнүңөр менен! Маанайыңар жакшыбы? | Саламдашышат. | НК2<br>НК3 |
| 2. Үй тапшырманы текшерүү | Өтүлгөн теманы кайталоо. Мугалим окуучуларга суроолорду берет | Окуучулар аткарып келген тапшырмаларын окуп беришет. Мугалимдин суроолоруна жооп берүү менен өтүлгөн теманы кайталашат. | ПК1<br>ПК2 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. Теманы жарыялоо Максаты менен тааныштыруу | Сабактын темасы жана максаты менен тааныштырат | Сабактын темасы жана максаты менен таанышышат | |
| 4. Жаңы тема боюнча маалымат берүү | Эмгек ырлары – оозеки чыгармачылыктын эў байыркы кєрінішї. Алар жумуштун тїрлєрінє карай жаралган. Мергенчилик кылуу, кийим бычып-тигїї, жаргылчак тартуу, эгин себїї-бастыруу мезгилинде, уй сааганда, жылкы кайтарганда ошол иштердин мінєзінє, ритмине карай аткарылган. Эмгек ырларына кыска-кыска ыргак, ачык-даана кєрінгєн уйкаш, ар кандай кошумча сірєттєєлєр, обондуулук мінєздїї болуп, кєбінчє жамааттташкан мінєздє аткарылган. Элге кеўири белгилїї эмгек ырлары: «Оп, майда!», «Бекбекей», «Шырылдаў», «Тон чык». | Окуучулар жаңы тема боюнча маалымат алышат | |
| 5. Бышыктоо | 1.Эмгек ырларына кайсы чыгармалар кирет экен?<br><br>2. «Бекбекейди» кимдер, эмне максатта ырдашкан?<br><br>3. «Шырылдаў» ырын кимдер, кайсы маалда ырдашкан? | Окуучулар берилген суроолорго жооп беришет | |
| 6. Жыйынтыктоо а) кайтарым байланыш | Окуучуларга “Бекбекей”, “Шырылдаң” ырларын обону менен ырдап берүү | Окуучулар эмгек ырларын обонго салып ырдашат | |
| Баалоо | Калыптандыруучу баалоо | | |
| Үй тапшырма | Ыр жаттоо | | |

**Өздүк анализ**

Сабак 6-к класска өтүлдү, класстын тартиби абдан жакшы, сабакка активдүү катышты, окуучулардын билим деңгээли жакшы. Сабакка окуучулар толук катышты.

Сабактын темасы: “Бекбекей”, “Шырылдаң” ырларынын жаралыш себептери

| | |
|---|---|
| Окуучулар “Бекбекей”, “Шырылдаң” ырлары тууралуу маалымат алышат.<br>Алардын жаралыш максаттары тууралуу билишет | Окуучулар “Бекбекей”, “Шырылдаң” ырлары тууралуу маалымат алышат.<br>Алардын жаралыш максаттары тууралуу билишсе; |
| Эмгек гана адамды адам кылат.<br>“Бекбекей” “Шырылдаң” ырларын көркөм окуу менен дагы бир жолу далилдешет | Эмгек гана адамды адам кылат.<br>“Бекбекей” “Шырылдаң” ырларын көркөм окуу менен дагы бир жолу далилдешсе; |
| Окуучулар эмгек ырларын окуу менен эмгекчилдикке, сабырдуулукка, чыдамкайлыкка тарбияланышат | Окуучулар эмгек ырларын окуу менен эмгекчилдикке, сабырдуулукка, чыдамкайлыкка тарбияланышса. |

**Сабактын тиби:** Аралаш

**Сабактын формасы:** Стандарттуу

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, методикалык колдонмо

**Сабактын жүрүшү**: 1, Уюштуруу. 2, Өтүлгөн теманы кайталоо

Сабакты уюштуруу окуучуларга жагымдуу маанай тартуулоо менен башталды. Өтүлгөн темалар суроо берүү аркылуу кайталанды. Үй тапшырмалар текшерилди.

Жаңы теаманы түшүндүрүүдө эмгек ырлары жөнүндө маалымат берилип, “Бекбекей”, “Шырылдаң” ырлары видеодон көрсөтүлдү. Окуучулардын социо-маданий компетентүүлүгүнө басым жасалып, кыргыз элинин маданияты менен таанышты.

Бышыктоодо тема боюнча суроолорго жооп беришип, класстер түзүштү

Жыйынтыктоодо обону менен хор ырдашты, түшүнбөгөн суроолорго жооп берилди.

Окуучулардын сабакка катышуусуна карап бааланды, Үйгө тапшырма ырлардан үзүндү жаттап келүү берилди. Сабак өз максатын жетти.

**Кыргыз тили сабагы**

**Классы:** 6-к класс

**Мугалим**: Сыдыкова Гүлүмкан Бейшалиевна

**Сабактын темасы** : Сан атооч

Сабактын тиби: жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

Сабактын ыкмасы: көрсөтмөлүү ыкма

Сабактын формасы: сабак - диалог

Сабактын жабдылышы: проектор,электрондук китепкана,доска, компьютер

| № | Түйүндүү компетентүүлүктөр |
|---|---|
| 1 | Маалыматтык Күчөтмө жана басаңдатма даража жөнүндөгү маалыматты билишет |
| 2 | Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк:Сын атоочтун скүчөтмө жана басаңдатма даражаларынын эрежелерин, бөлүнүштөрүн көнүгүү иштөө менен бышыкташат |
| 3 | Өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү: Турмушта сын атооч күчөтмө жана басаңдатма даражасындагы сөздөрдү кептеринде туура пайдаланууга үйрөнүшөт |

| Максаты | Предметтик компетентүүлүктөр |
|---|---|
| 1 Таанып-билүүчүлүк жана илимий суроолорду кое билүү | Сын атооч кучөтмө жана басаңдатма даражалары жөнүндө теманы билишет. |
| 2.Кубулуштарды илимий түшүндүрүү | Сын атоочтун кучөтмө жана басаңдатма даражалары боюнча өз алдынча сүйлөмдөрдү түзө алышат. |
| 3.Илимий далилдөөлөрдү колдонуу | Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражасы жөнүндө теманы жыйынтыктай алышат.Турмушта кыскартылган сөздөрдү колдоно билүүгө үйрөнүшөт |

| **Индикатор** | | | |
|---|---|---|---|
| | Жетишүүнүн көрсөткүчтөрү | | |
| Күтүлүүчү натыйжа | репродиктивдүү | продуктивдүү | креативдүү |
| | Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражасы жөнүндө маалымат билишсе | Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражасынын эрежелерин билишсе | Интернет булактарын пайдалануу менен сн атоочтун күчөтмө жана басаңдатма сөздөрдү таап жана кебинде колдонууга үйрөнүшсө |

Сабактын максаты:

Билим берүүчүлүк: Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражаларынын эрежелерин,

бөлүнүштөрүн, кебибизге колдонулуштарын үйрөнүшөт

Өнүктүрүүчүлүк: Логикалык ой жүгүртүшөт, анализдей, синтездей, жалпылай алышат.

Тарбиялык: Окуучулар бири-бирине комплимент айтканга тарбияланышат.

Предмет аралык байланыш: адабият

Сабактын этаптары:

| № | Сабактын этаптары | убакыты | Мугалимдин ишмердиги | Окуучунун ишмердиги | баалоо |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу, психологиялык маанай | 1 мүнөт | Саламдашуу,жакшы каалоо менен өзүн тааныштыруу | Саламдашат, бири-бирине жакшы сөз тартуулашат | Кол чабуу аркылуу кубаттоо |
| 2 | | 2 мүнөт | Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражасы жөнүндө айтып беришет | Доскадагы сүрөттор аркылуу күчөтмө жана басаңдатма сөздөрдү табышат жана | Өзүн-өзү баалоо |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | компьютерге жазышат | |
| 3 | Билимдерди н теориялык деңгээли<br>Жаңы тема | 10 | Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражасы катышкан сөздөрдү түшүндүрүп,доскага мисалдарды көрсөтөт | Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражасы деген эмне,турмушта кандай колдонушту үйрөнөт | |
| 4 | 192 -көнүгүү | | Көнүгүүнүн жазылышын көзөмөлдөйт,<br>Тууралайт.Көнүгүү доскага жазылат, | окуучулар сөздөрдү тууралашат<br>талдашат. | |
| 5 | Минатюрду к жат жазуу | | -көнүгүү<br>Аудио уктуруу | Жат жазуу жазышып.өздөрү текшеришет | |
| 6 | Акылга чабуул | | Ким миллионер болгусу келет | | |

Сабактын жүрүшү: Күчөтмө даража Заттын сын-сыпатын жогорку деңгээлде экендигин көрсөтөт да,төмөндөгүдөй жолдор менен жасалат.

Кучөтмө даража 4 жол менен жасалат.

1. Бөлукчөлөр аркылуу: Эң,абдан,өтө,аябай,чымкый,чылк

2.Префикс аркылуу-кыпкызыл,сапсары,күпкүрөң.

3.Заттык мааниге өтүп кайталанган сын атоочтор: жакшынын жакшысы,сулуунун сулуусу

4.Кээде оозеки кепте колдонулган сөздөр менен:Жаман кооз экен,иттей сулуу

Бышыктоо: 279-көнүгүү

280-көнүгүү

Жыйынтыктоо: Окуучулар көнүгүү иштөө аркылуу сын атоочтун күчөтмө жана даражасын табышат жана морфологиялык талдоо жүргүзөт.

Үй тапшырма 278-көнүгүү

## Өздүк анализ

Кыргыз тили сабагы 6-к класска өтүлдү, класстын билим деңгээли жакшы, сабакка активдүү катышты.

Сабактын темасы : Сан атооч

Сабактын максаты:

Билим берүүчүлүк: Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражаларынын эрежелерин, бөлүнүштөрүн, кебибизге колдонулуштарын үйрөнүшөт

Өнүктүрүүчүлүк: Логикалык ой жүгүртүшөт, анализдей, синтездей, жалпылай алышат.

Тарбиялык: Окуучулар бири-бирине комплимент айтканга тарбияланышат.

Сабактын тиби: жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

Сабактын ыкмасы: көрсөтмөлүү ыкма

Сабактын формасы: сабак - диалог

Сабактын жабдылышы: проектор,электрондук китепкана,доска, компьютер

Предмет аралык байланыш: адабият

**Сабактын жүрүшү**

Сабак жагымдуу маанай түзүү менен башталды, окуучулар жоктолду. Сабактын темасы жана максаты менен тааныштырылды.

Үй тапшырмасы текшерилип, сын атооч боюнча кайталоо үчүн суроолорго жооп беришти.

Жаңы тема таблицалардын жардамы менен түшүндүрүлдү. Сабакты бышыктоодо сын атооч сөздөр катышкан аудио уктуруу угузулуп, сөздүк жат жазуу жазылды.

279-280-көнүгүүнү иштешти. Үй ишине 278-көнүгүү берилди.

Окуучулардын катышуусуна карап бааланды. Сабак өз максатына жетти.

**Предмет: Кыргыз тил класс:**

**Сабактын темасы: Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр. Каратма сөздөр.**

**Классы: 5-к класс**

**Мугалими: Карыбекова Бүсалкын Мамасалиевна**

**Сабактын максаты:**

**1. Билим берүүчүлүк**: окуучулар каратма сөз тууралуу маалымат ала алышат.

**2. Өнүктүрүүчүлүк:** каратма сөздүн милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүн билишет. Сүйлөмдөгү башка сөздөрдөн айырмаланып, кайрылуу, чакыруу интонациясы менен айтыларын өздөштүрүшөт.

**3. Тарбия берүүчүлүк:** жазуу жана оозеки кептеги өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт.

**Сабакта колдонулуучу усулдар:** айтып-берүүчүлүк, түшүндүрүүчүлүк усул, интерактивдүү ыкманын айрым стратегиялары.

**Сабактын тиби:** жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

**Сабакта колдонулуучу каражаттар жана материалдар:** схемалар, дидактикалык таркатмалар, ватман, маркер, скотч ж. б.

**Предмет аралык байланыштар:** адабият, адеп

| Негизги компетенттүлүктөр | | | Предметтик компетенттүүлүктөр |
|---|---|---|---|
| Маалыматтык | Социалдык коммуникативдик | Өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү | 1.Тилдик компетенттүүлүк:<br>- тексттин эң кичине бирдиги сүйлөм экендигин билет; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Каратма сөздөр боюнча маалымат алышат. | Каратма сөздүн сүйлөмдөгү ордун аныкташат. | Сүйлөмгө талдоо жүргүзө алышат. | - тексттеги сүйлөмдөрдүн чегин аныктай алат;<br>- тексттин мүнөздүү белгилерин бири-биринен ажырата алат.<br>2.Кептик компетенттүүлүк:<br>- тексттин мазмунун угуп түшүнөт;<br>- ал тексттеги негизги ойду ажыратат;<br>- табышмак, макал, лакап жана учкул сөздөрдүн да текст болорун түшүнөт.<br>3.Маданий компетенттүүлүк:<br>- алган билимин турмушта колдоно алат (маданияттуу сүйлөшө билүү);<br>- логикалуу ой жүгүртө алат;<br>- сүйлөө кебинин орундуу болуусуна аракеттенет<br>5.1.1.1. Тексттин типтери (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) жана кептин стилдеринин (сүйлөшүү, көркөм, илимий) түзүлүшү жөнүндө айтып беришет. |

## Сабактын жүрүшү

| № | Сабактын этабы | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети | Окуучуларда калыптануучу компетенттүүлүктөр | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | НК | ПК | |
| 1 | Мотивация (шыктандыруу) (2-3 мин) | Жагымдуу маанай тартуулоо менен шыктандырып алууга багыт берилет. | Жагымдуу маанай тартуулоо максатында окуучулар бирибирине мактоо сөздөрүн айтышат | НК-3 | | Мактоо сөз |
| 2 | Өтүлгөн теманы кайталоо (үй тапшырмасын бышыктоо) (5-8 мин) | Өтүлгөн теманы кайталап, үй тапшырманы текшерүү.<br>Өткөн сабакты кайталоо максатында<br>окуучулар жалаң жана жайылма сүйлөмдү<br>салыштырып, Венндин диаграммасын түзүшөт | Суроолорго жооп беришет. Венндин диаграммасын түзүшөт | НК-2,<br>НК-3 | | Калыптандыр уучу баалоо |
| 3 | Тема жана күтүлүүчү окуу натыйжаларын жарыялоо (3-5 мин) | а) каратма сөз тууралуу маалыматтарды билишсе; б) каратма сөздүн милдетин аткаруучу сөздөрдү атай алышса жана каратма сөздөрдүн кайрылуу, чакыруу интонациясы менен | Күтүлүүчү окуу натыйжалары боюнча маалымат алышат. | НК-1 | ПК-1,<br>ПК-2 | Калыптандыр уучу баалоо |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | айтыларын өздөштүрүшсө. в) каратма сөздөрдү жазуудагы жана оозе | | | | |
| 4 | Жаңы тема боюнча маалыматтарды берүү (4-5 мин) | Сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун кимге, эмнеге арналгандыгын билдирүүчү сөз, же сөз тизмеги каратма сөз деп аталат. Мисалы: Көкөтөй чалга аш бердик, Манас. Ашка аралаш баш бердик, Манас. Каратма сөз адабий тилдин бардык жанрларында бирдей колдонулбайт. Ал оозеки кептеги диалогдордо, кулактандырууда, Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр жөнүндө маалымат алышат. НК-1, НК-2 ПК-1, ПК-2 5.2.2.1. Калыптандыруучу баалоо чакырыктарда, көркөм адабий чыгармаларда кеңири колдонулса, публицистикалык чыгармаларда, илимий эмгектерде өтө эле сейрек жолугат. Каратма сөз сүйлөмдөгү башка сөздөрдөн айырмаланып кайрылуу, чакыруу иретинде айтылат. Мисалы: Байэл, сен качан айылга барасың? Достор, дайыма ынтымактуу бололу! Каратма сөздүн милдетин зат атоочтор аткарат: Зат атооч: Айдана, бүгүн Алинурду көрдүңбү? Каратма сөз сүйлөмдүн башына келсе, өзүнөн кийин үтүр (,) коюлат. М: Алиас, эртең сабакка барасыңбы? Сүйлөмдүн ортосуна келсе, өзүнөн мурда жана кийин үтүр коюлат. М: Келип калдыңарбы, айланайыңдар, | Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр жөнүндө маалымат алышат. | НК-1, НК-2 | ПК-1, ПК-2 5.2.2.1. | Калыптандыруучу баалоо |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | келип калдынарбы? Каратма сөз сүйлөмдүн аягына келсе, үтүр өзүнөн мурун коюлат. М: Дайыма чогуу бололу, достор! Каратма сөздөр катышкан сүйлөмдөр оозеки кепте тыныш белги коюлган жерде тыным (пауза) менен окулат, жазууда арасы үтүр менен ажыратылат. | | | | |
| 5 | Интерактивдүү көнүгүүлөр, сабактын борбордук бөлүгү (15-20 мин) | 162-көнүгүүнү окуп, каратма сөз катышкан сүйлөмдөр кандай окуларын байкашат. 163-көнүгүүнү көчүрүп жазып, каратма сөздүн сүйлөмдөн алган ордун аныктап, ага жараша тыныш белгилерин коюшат. 164-көнүгүүдө берилген сүйлөмдөрдүн ээсин каратма сөз катары колдонуп, үлгүдө көрсөтүлгөндөй сүйлөмдөрдү түзүшөт. Тыныш белгилерин коюп, кандай интонация менен айтыларын билишет. Сабактын кийинки бөлүгүндө 165-көнүгүүдө берилген тексттер көркөм окулат. Каратма сөздөрдү таап, тыныш белгилеринин кандай коюлгандыгын айтып беришет. | Жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү аныкташат. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүшөт. | НК-2, НК-3 | ПК-1, ПК-2, ПК-3 | Калыптандыр уучу баалоо |
| 6 | Сабакты жыйынтыктоо, баалоо (3 мин) | Оозеки бышыктоо үчүн суроолор 1. Каратма сөз деп эмнени айтабыз? Мисал келтиргиле. 2. Каратма сөздө тыныш белгилери кандай коюлат? 3. Каратма | Суроолорго жооп беришет. Мисал келтиришет. | НК-2 НК-3 | ПК-1, ПК-2 | Калыптандыр уучу баалоо |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | сөздөрдүн башка сөздөрдөн айырмасы | | | | |
| 7 | Окуучулардын билимдерин баалоо критерийлери | Окуучулардын билимин баалоо билим көрсөткүчтөрү аркылуу жүргүзүлөт: - сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун кимге эмнеге багытталгандыгын каратма сөз билдирерин үйрөнүшү; - каратма сөздөр сүйлөмдөгү башка сөздөрдөн айырмаланып, кайрылуу, чакыруу интонациясы менен айтыларын билиши; - каратма сөз катышкан сүйлөмдөрдөгү тыныш белгинин коюлушун өздөштүрсө. | Бири-биринин, өзүнүн билимин баалашат. | НК-2, НК-3 | | Калыптандыр уучу баалоо |
| 8 | Үй тапшырмасы (2 мин) | 166-көнүгүү. | Тапшырманы аткарышат. | НК-3 | ПК-1 ПК-2 | |

# Өздүк анализ

**Предмет: Кыргыз тили**

**Темасы: Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр. Каратма сөздөр.**

**Сабак 5-к класска өтүлдү. Класс толук катышты. Окуучулар сабакта активдүү отурду, класстын билим деңгээли жакшы.**

1. Билим берүүчүлүк: окуучулар каратма сөз тууралуу маалымат ала алышат.

2. Өнүктүрүүчүлүк: каратма сөздүн милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүн билишет. Сүйлөмдөгү башка сөздөрдөн айырмаланып, кайрылуу, чакыруу интонациясы менен айтыларын өздөштүрүшөт.

3. Тарбия берүүчүлүк: жазуу жана оозеки кептеги өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт.

Сабакта колдонулуучу усулдар: айтып-берүүчүлүк, түшүндүрүүчүлүк усул, интерактивдүү ыкманын айрым стратегиялары.

Сабактын тиби: жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

Сабакта колдонулуучу каражаттар жана материалдар: схемалар, дидактикалык таркатмалар, ватман, маркер, скотч ж. б.

Предмет аралык байланыштар: адабият, адеп

## Сабактын жүрүшү

Уюштурууда жагымдуу маанай түзүлдү

Үй тапшырмасы текшерилип, өтүлгөн темаларды суроолорго жооп берүү аркылуу эске салдык. Вендин диаграммасын түзүп, толтурушту.

Жаңы теманы түшүндүрүүдө схемалар, таблицалар колдонулду. Каратма сөздөр жөнүндө түшүнүк алышты.

162-164-165-көнүгүү иштешти. Көнүгүү иштөөдө каратма сөздөргө батмандарга сүрөттөрдү тартып айтып беришти.

Жыйынтыктоодо кыскача бири-бирине суроолорду берип, жооп беришти.

Үйгө тапшырма 166-көнүгүү берилди. Окуучулар сабакта өзүн-өзү баалашты. Сабак учурунда көбүнчө социалдык, коммуникативдик компетенттүүлүккө басым жасалды. Сабак өз максатын жетти.

**Классы**: 5-класс

**Мугалим:** Карыбекова Бүсалкын Мамасалиевна

**Предмети:** кыргыз адабияты

**Сабактын темасы: «Акылдуу дыйкан» жомогу**

**Сабактын тиби**: Аралаш сабак

**Сабактын формасы**: Чакан топтордо иштөө

**Колдонулуучу методдор жана ыкмалар**: Проблемалык окутуу


**Сабактын жабдылышы**:сүрөттөр

**Сабактын жүрүшү**:


1. Уюштуруу
2. Үй тапшырмасын суроо.
3. Жаңы билимди өздөштүрүү

| | Окуучунун ордунан коюлган максаттар | Максаттардын көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|
| а) | "Акылдуу дыйкан" жомогунун темасы жана идеясы жөнүндө түшүнүк алышат | Текст менен таанышышса |
| б) | Тексттин негизинде эркин ой жүгүртө билүү көндүмүнө ээ болушат | Тексттин мазмунуна толук түшүнүшсө |
| в) | Ар кандай учурда туура чечим чыгара билүүгө аракеттенишет | Чыгарманын тарбиялык маанисине түшүнүшсө |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Уюштуруу:** | Сабакка окуучулардын көңүлүн буруу, жагымдуу маанай түзүү | ПКЗ | НК 3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Жаңы билимди өздөштүрүү:** |  | ПК1,2 | НК1,2 |
| **Ээ болгон билимдин негизинде көнүгүү иши:** | Жомоктун татаал планын түзүү:<br>1. Эселек хан<br>2. Хандын буйругу<br>3. Акмакты издөө<br>4. Карагай сүйрөгөн киши<br>5. Дыйканга кезигүү<br>6. Хандын каары<br>7. ЖыйынтыК | ПК1,2,3 | НК1,2 |
| **Ээ болгон билимди тереңдетүү көнүгүүсү:** | 1. Акыл Карачач дегенди кандай түшүнөсүңөр?<br>2. Адамдардын аттарынын маанисин чечмелегиле (Кара-чач; Кара-кан).<br>3. Каармандарды мүнөздөө: Каракан кандай киши? Карачач кандай кыз? Карачачтын атасычы? Каракандын кеңешчилери, вазирлери кандай? Желдеттеричи?<br>4. Кан эмне үчүн акылдуу аял издеди?<br>5. Карачачтын акылуулугун кандайча байкадыңар?<br>6. Текстти бир нече диалогго бөлүп, сүйлөп бергиле: Каракан жана Карачачтын атасы; Карачач жана анын атасы; Кан кеңешчилери жана Карачач.<br>7. Жомоктон кыргыз элинин турмушуна байланыштуу кандай өзгөчөлүктү байкадыңар?<br>8. Тест суроолору:<br>*Жалпы текстте негизги ой кайсыга бурулат?*<br>а) Акыл Карачач деген аттын келип чыгышына<br>б) Каракандын аял тандоо салтын көрсөтүүгө<br>в) Карачачтын акылмандыгын көрсөтүүгө<br>г) Боштондуктун маанисин белгилөөгө | ПК2,3 | НК2,3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Макалдар менен иштөө:** | Акыл – баштан, асыл – таштан.<br>Акыл байлыгы – азбас байлык.<br>Акылдуу мактанса, ишти тындырат, акмак мактанса, бутун сындырат.<br>Акылдуу элге тартат, акмак тууганына тартат.<br>Акылмандын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.<br><br>Топ тебелиби,<br>Таш терелиби<br>Ташты терип топ тебели.<br>Топту терип таш тебелиби,<br>Таш тербей топ тебели.<br>Топ теппей таш терели. | ПК2,3 | НК2,3 |
| **Сөздүк менен иштөө:** | акылын сыноо<br>ордо<br>эрке токол<br>жокчулук<br>балык кармап оокат кылуу<br>дар<br>желдет<br>сандалып үйүнө келүү<br>миң күнкү караңгылыктан,<br>бир күнкү жарыкчылык артык<br><br>элүү ат<br>алтымыш чидер<br>жетимиш аркан<br>сексен каны жок кургаган жүрөк<br>нике<br>вазир<br>карыя кеңешчи<br>билимдүү көсөм<br>улактай ойногон кыз кези<br>түлкүдөй булактоо | ПК1,2 | НК1,2 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Үй тапшырма:** | 1. Кыргыз эл жомокторунан бирден жомок окуп келгиле да, мазмунун оозеки айтып берүүгө даярдангыла.<br>2. «Акылдуу дыйкан» жомогуна окшош башка жомоктордон окугула жана салыштыргыла.<br>3. Дыйканга кластер түзүү:<br> | ПК1 ,2,3 | НК 2,3 |
| **Баалоо:** | Көрсөткүчтөрдүн негизинде | | |

## Өздүк анализ

**Предмет: Кыргыз адабияты**

**Сабактын темасы: “Акылдуу дыйкан”**

**Сабак 5-к класска өтүлдү. Класстын тартиби жана билим деңгээли жакшы. Сабакка толук катышты.**

**Сабактын максаты:**

1.“Акылдуу дыйкан” жомогунун темасы жана идеясы жөнүндө түшүнүк алышат

2.Тексттин негизинде эркин ой жүгүртө билүү көндүмүнө ээ болушат

3.Ар кандай учурда туура чечим чыгара билүүгө аракеттенишет

Сабактын тиби: Аралаш сабак

Сабактын формасы: Чакан топтордо иштөө

Колдонулуучу методдор жана ыкмалар: Проблемалык окутуу

Сабактын жабдылышы:сүрөттөр

**Сабактын жүрүшү**

Сабакты уюштуруу жагымдуу маанай тартуулоо менен башталды.

Үй тапшырмасы суралды, өтүлгөгн теманы суроолорго жооп берүү аркылуу кайталашты.

Жаңы теманы түшүндүрүүдө сүрөттөр колдонулду. Жомоктун мазмуну менен таанышышты.

Сабакты бышыктоодо окуучулар жомокко татаал план түзүштү. Бири-бирине суроолорду берип, жооп берип жатышты.

Кыргыз тилинин балдарга түшүнүүгө оор болгон сөздөрүн дептерлерин сөздүк кылып жазышты.

Жыйынтыктоодо темага байланышкан макал-лакаптарды толуктап айтып беришти. Үйгө тапшырма жомоктун ар бир каарманын мүнөздөп класстер түзүп келүү берилди. Сабак өз максатына жетти.

**Предмет: Кыргыз тили.**

**Классы: 7-к класс**

**Мугалими: Кенжеакун кызы Арзыгүл**

**Сабактын темасы: Кыймыл атоочтордун зат атоочко окшоштуктары.**

| Сабактын максаты: | Сабактын корсоткучу: |
|---|---|
| | Сабак максатына жетти дейбиз, эгерде окуучулар… |
| А) Билим беруучулук жагы: Кыймыл атоочторду билишет. Зат атоочко окшош белгилерин уйронушот. | Кыймыл атоочторду билишсе, зат атоочко окшош белгилерин айта алышса. |
| Б) Онуктуруучулук жагы: Мисалдар келтирип оз ойлорун айта алышат. | Мисалдар келтирип, оз ойлорун айта алышса. |
| В) Тарбия беруучулук жагы: Топто бири-бирин угушат, жардамдашат. | Топто бири-бирин угушса, жардам беришсе. |

Негизги компетенттуулуктор: Предметтик компетенттуулуктор.

| | |
|---|---|
| 1. Маалыматтыккомпетенттуулук (НК1)<br>2. Социалдык-комминикативдик компетент-к (НК2)<br>1. Озун-озу уюштуруу жана койгойлорду Чечуу компетент-к (НК3) | 1 Маданий (ПК1)<br>2. Тилдик (ПК2)<br>3. Кептик (ПК3) |

Сабактын тиби: Аралаш сабак

Сабактар аралык байланыш: география.

Сабактын жабдылышы: акыл доска. Тест баракчалары.

Сабактын журушу:

| Сабактын этаптары: | Мугалимдин ишмердуулугу | Окуучунун ишмердуулугу | Компетенттуулугу: | |
|---|---|---|---|---|
| Уюштуруу: | Саламдашуу.<br>Жагымдуу маанай тузуп алуу. | Саламдашат.<br>Бири-бирине жагымдуу создор айтышат. | ПК1 | НК1 |
| Уй тапшырмасын суроо: | Уй тапшырмасын кароо. | Топ башчыла текшерет. | ПК2 | НК2 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Жаны теманы тушундуруу | Зат аооч заттардын, буюмдардын ж.б. аттарын билдирип, Ким? Эмне? кимдер? Эмнелер? Деген суроолорго жооп берсе, кыймыл атооч кыймыл аракеттин, ал-абалдын атын билдирип, эмне? эмнеге? Деген зат атоочтун суроосуна жооп берет.<br>Мисалы: Жакшы иштоого (эмнеге?) уйрондук.<br>Алмактын (эмнеси?) бар.<br>203-конугуу иштешет жардам берип турам. Андан кийин томондогу    суроттон кыймыл атоочторду табышат. | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Зат атоочко окшоштуктарын табышат.<br><br><br>Кыймыл атоочторду катыштырып суйлом тузушот. | | |
| Бышыктоо. | Оюн ойноо. Аягы –уш, -иш, -мак, -май, -оо, уу мучолорду улап суйлом тузу.<br>204-конугуу жуптар менен иштоо. | | |
| Уйго тапшырма. | 205-конугуу.<br>Тест баракчаларды берип белгилетип жыйнап аламын. | | |
| Баалоо. | Оздорун оздору баалайт. | | |

## Өздүк анализ

Сабак 7-к класска өтүлдү. Класстын жалпы билим деңгээли жакшы, класс активдүү.

Сабактын темасы:

Сабактын максаты:

А) Билим беруучулук жагы:

Кыймыл атоочторду билишет. Зат атоочко окшош белгилерин уйронушот.

Б) Онуктуруучулук жагы:

Мисалдар келтирип оз ойлорун айта алышат.

В) Тарбия беруучулук жагы:

Топто бири-бирин угушат, жардамдашат.

Сабактын тиби: Аралаш сабак

Сабактар аралык байланыш: география.

Сабактын жабдылышы: акыл доска. Тест баракчалары.

Сабактын жүрүшүндө окуучулар менен саламдашуу болду. Үй тапшырмасы текшерилди.

Жаңы теманы түшүндүрүүдө зат атоочтор кайталанып, кыймыл атоочтор сүрөттөр аркылуу түшүндүрүлүп берилди. Теманы түшүндүрүүдө көнүгүү иштелди.

Сабакты бышыктоодо 204-көнүгүүнү иштешти, окуучуларга тест баракчалары таратылып эки окуучу биргелешип иштешти.

Сабакты жыйынтыктоодо кыймыл атоочторду уюштуруучу –уш, -иш, -мак, -май, -оо, у мүчөлөрүн пайдаланып оюн ойноо аркылуу улап сүйлөм түзүштү.

Үйгө тапшырма 205-көнүгүү берилди. Окуучулар сабактын аягында өзүн өзү баалашть

Сабак өз максатына жетти.

**Кыргыз тили**
**Классы: 7-к класс**
**Мугалими: Кенжеакун кызы Арзыгүл**
**Сабактын темасы:** ***Жандоочтун түрлөрү***

| **Негизги компетенттүүлүктөр** | **Предметтик компетенттүүлүктөр** |
|---|---|
| Маалыматтык<br>Алган маалыматтарын кабылдап , негизги ойду аныктоо менен , алынган маалыматтарын так баяндайт ; | <u>ПК- 1 **Тилдик компетенттүүлүк**</u> – тилдин системасын, тактап айтканда , тилдин түзүлүшү , анын категориялары тууралуу билимге ээ болуу , орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулукка жетишүү ; |
| Социалдык- коммуникативдик<br>Оозеки жана жазуу жүзүндө берилген маалыматтарды кабылдоо менен , өз ара аракеттенүүнү калыптандырат ; | <u>ПК- 2 **Кептик компетенттүүлүк**</u> – кырдаалдарга жана тилдик нормаларга ылайык жазуу жана оозеки формада карым-катнашты ишке ашыруу , өзүнүн кептик мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтөт ; жана сөздүк корун байытуу , байланыштуу кебин , сүйлөө жазуу маданиятын өркүндөтөт . |
| Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү аныктоо<br>Маалыматтан карама- каршылыктарды табат , маселени чечүүнүн жолдорун айтуу менен өз пикирин далилдейт . | <u>ПК – 3 **Маданий компетенттүүлүк**</u>– тилдин улуттук – маданий өзгөчөлүгүн үйрөнөт , тил аркылуу элдин улуттук баалуулуктарын таанып – билет , элдик этномаданий лексиканы өздөштүрөт . |


Көрсөткүчтөр :


| Сабактын максаты: | Жогорудагы максаттар ишке ашат , эгерде окуучу : |
|---|---|
| **1.Билим берүүчүлүк :**<br>Окуучулар жандоочтун түрлөрү боюнча түшүнүккө ээ болушат . | -жандоочтун түрлөрү тууралуу түшүнүк алса ; |
| **2.Өнүктүрүүчүлүк :**<br>Жандоочтун түрлөрү боюнча машыгуучу көнүгүүлөрдү аткаруу менен кеп маданияты калыптанат . | -машыгуучу көнүгүүлөрдү аткара билсе ;<br>-жандоочтун түрлөрүн тексттен аныктай билсе ; |
| **3. Тарбия берүүчүлүк:**<br>Орфографиялык эрежелерге ылайык сабаттуу жазууга багыт алышат . | Өзүнүн пикирин коргой билүү менен сабаттуу жазса ; |

Сабактын тиби : Жаңы билимди өздөштүрүү сабагы
Сабактын жабдылышы : Таблицалар , сүрөттөр , ырлар , видео материалдар , слайд
Окутуу усулу : интерактивдүү , таанып – билүүчүлүк усул
Предмет аралык байланыш : кыргыз адабияты , тарых , география

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ:

| Сабактын этабы | Мугалимдин иш-аракети | Окуучулардын иш-аракети | Баалоо | Окуучуларда калыптануучу компетенттүүлүктөр | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | НК | ПК |
| **Уюштуруу учуру ( 3 мүнөт)** | *Окуучулар менен саламдашып , толуктап класстын тазалыгын көзөмөлдөп , сабакка даярдоо .<br><br>Сабакка жагымдуу маанай түзүү<br>Алтын эрежени эске алуу | Окуучулар мугалим менен саламдашат , сабакка даярданышат .<br>**Алтын эрежени эске алышат* | <br>Эң жакшы ! | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Үй тапшырмасын текшерүү ( 5 мүнөт ) | Үйгө берилген 224-көнүгүүнү шарты менен аткарып келишкендигин текшерүү . | Окуучулар 224-көнүгүүнү окуп беришет . | Үй тапшырмасы бааланат  | НК-2-3 | ПК-1-2-3 |
| Өтүлгөн темаларды кайталоо ( 3 мүнөт ) | Жандоочтор деген эмне ?<br><br>Жандоочтор өз алдынча турганда лексикалык маанини билдире алабы ?<br>Кызматчы сөздөр берген маанилерине карата канчага бөлүнөт , алар кайсылар ? | Суроолорго жооп беришет . | <br>Жакшы ! | | |
| Тема боюнча зарыл болгон маалыматтарды берүү ( 10 мүнөт ) | Жандоочтор жөндөмөлөр менен айкашына карай төмөнкүчө бөлүнөт:<br>1. Атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор: *менен, тууралуу, жөнүндө, аркылуу, боюнча, сайын , сыяктуу, үчүн, бою, бойдон* ж. б.<br>2. Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор: *көздөй, карай, карата.*<br>3. Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор: *караганда, жараша, чейин, дейре, карай, карата.*<br>4. Чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор: *көрө, көргүчө, ары, бери, мурун, мурда, кийин, соң* ж. б. | Сүйлөмдөрдөгү *карай, менен* деген жандоочторду алып салсак, *Асан шаарды кетти, Алым келдим* болуп, байланышсыз, түшүнүксүз айтылар эле. Кай жакка? (кай- да?) кетти? *Шаарды карай* (кетти). *Ким менен* келдиң? *Алым менен* (келдим) деген гана туура, байланыштуу айтылат. Бул сүйлөмдөрдөгү *карай, менен* деген жандоочтор гана өзүлөрүнөн мурунку атооч сөздөрдү (*шаар, Асан) кет(ти), кел(дим)* деген этиш сөздөр менен байланыштырды. | <br>Калыптандыруу-чу баалоо<br><br>Кайтарым байланыш<br><br>Сөз менен баалоо<br> | НК-1-2-3 | ПК-1-2-3 |
| Көнүгүү иштөө ( 14 мүнөт ) | **225 – көнүгүү**<br>Окуп чыгып, жандоочторду тапкыла. 2) Эрежесин айтып бергиле. 3) Өзүнөн мурунку сөздөрдү кайсы жөндөмөдө турушун талап кылганын далилдегиле. 4) Эмне үчүн жандооч экенин аныктагыла.<br>**226 – көнүгүү**<br>Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, жандоочторун тапкыла. 2) Эмне үчүн жандооч экенин айтып бергиле? 3) Кайсы жөндөмөлөр менен айкашып турганын аныктагыла?<br>**227 - көнүгүү**<br>Көп чекиттин ордуна тиешелүү жандоочторду коюп, көчүрүп жазгыла. | 225-226-227-көнүгүүлөрдү аткарышат<br><br>Оозеки сүйлөмдөрдү түзүшөт . | Калыптандыруучу баалоо<br><br>Бири-бирин баалашат | НК-1-2-3 | ПК-2-3 |
| Сабакты бышыктоо : ( 5 мүнөт ) | Бүгүнкү сабакта силер кандай маалыматка ээ болдуңар ?<br><br>Жандоочтор деген эмне ? | Суроолорго активдүүлүк менен жооп берүүгө аракеттенишет . | **Азаматсыңар !**<br> | НК- | **ПК-** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Жандоочтор өз алдынча турганда лексикалык маанини билдире алабы ? | | Оозеки жообу бааланат | 2-3 | **2-3** |
| Тапшырма берүү : ( 2 мүнөт ) | **228– көнүгүү**<br>Сүйлөмдөрдөн жандоочторду таап, *менен, ары, кийин, мурун* деген сөздөрдүн качан байламталык, качан жандоочтук, качан тактоочтук мааниде колдонуларын далилдеп түшүндүргүлө. | Үйгө берилген 228 – көнүгүүнү аткаруу шарты боюнча түшүнүк алышат . | Жакшы !  | НК-2-3 | **ПК-1-2-3** |
| Баалоо ( 3 мүнөт) | **Окуучулардын билимин баалоонун талаптары:**<br>--көнүгүүнү тапшырма боюнча туура аткаруусу;<br>--орфографиялык сабаттуулугу;<br>--тыныш белгисин туура коюшу;<br>--берилген суроолорго жоопторунун тактыгы.<br><br>Сабакка активдүү катышкан окуучулардын жалпы билимин эске алуу менен баалап , күндөлүктөрүнө баа коюп берүү | Күндөлүктөрүнө баа койдурушат . |  Жалпы билимин эске алуу менен мугалим баалайт . | | |

# Өздүк анализ

**Сабак 7-к класска өтүлдү сабакка окуучулар толук катышты, класс сабак учурунда активдүү катышты.**

**Сабактын темасы: Жандоочтордун түрлөрү**

1.Билим берүүчүлүк :

Окуучулар жандоочтун түрлөрү боюнча түшүнүккө ээ болушат .

2.Өнүктүрүүчүлүк :

Жандоочтун түрлөрү боюнча машыгуучу көнүгүүлөрдү аткаруу менен кеп маданияты калыптанат .

3. Тарбия берүүчүлүк:

Орфографиялык эрежелерге ылайык сабаттуу жазууга багыт алышат.

Сабактын тиби : Жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

Сабактын жабдылышы : Таблицалар , сүрөттөр , ырлар , видео материалдар, слайд

Окутуу усулу : интерактивдүү , таанып – билүүчүлүк усул

Предмет аралык байланыш : кыргыз адабияты , тарых , география

Сабактын жүрүшү

Окуучулар менен саламдашып, үй тапшырмалары текшерилди.

Жандоочторду кайталоо үчүн суроолор берилип. Жаңы теманы түшүндүрүүдө сүрөттөр жана таблицалар колдонулду.

Сабакты бышыктоодо 225-226-227-көнүгүүлөрдү иштешти.

Сабакты жыйынтыктоо окуучулар бири-бирине суроо берип, түшүнбөгөн суроолорун чогуу талкуулоо менен жыйынтыкталды.

Окуучуларды баалоонун критерийлери боюнча активдүү катышкан окуучуларга баа коюлуп, жакшы катышпаган окуучуларга комплемент айтылды.

Үйгө тапшырма 228-көнүгүү берилди.

Сабак өз максатына жетти.